КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ
АТЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК
ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЕ
И НАУКИ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
ИННОВАЦИОННАЯ СРЕДНЯЯ
ШКОЛА ИМЕНИ
ШУКУРБЕКА БЕЙШЕНАЛИЕВА

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

«03» 09 2021 -жыл №4 Баетов айылы

**КРнын Өкмөтүнүн 21.09.1994-жылдагы №718 – токтому менен бекитилген «Табигый жана техногендүү мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан аймактарды, калкты коргоону уюштуруу жөнүндө »**

КРнын Өкмөтүнүн 21.09.1994-жылдагы №718 – токтому менен бекитилген «Табигый жана техногендүү мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан аймактарды, калкты коргоону» уюштуруу жөнүндөгү мыйзамды ишке ашыруу максатында **буйрук кыламын:**

1 . Мектепте бардык окуучулар , мугалимдер , техникалык кызматкерлер өрт жана техникалык коопсуздугунун алдын алуу иштери боюнча коопсуздук эрежелери менен тааныштырылсын .

2 . № 1 пед кенешмеде бекитилген техникалык жана өрт коопсуздугунун алдын алуу эрежелери боюнча бардык окуучулар , мугалимдер тааныштырылып , эвакуация схемасы менен иш алып барылсын .

3 . Ай сайын өрт коопсуздугунун алдын алуу максатында эвакуация ( тревога ) иштерин жургузуп туруу уюштурууучу Ж . Кубатбековага тапшырылсын .

4 . Мектептеги өрткө каршы шаймандарды талапка ылайык толуктоо жана камсыздоо жагы директордун чарба иштери боюнча орун басары К . Эгембердиевке тапшырылсын .

5 . Мектептеги өрткө каршы шаймандардын керектен чыккандыгы тууралуу өкмөткө билдирилип , талапка ылайык шаймандар менен камсыз кылуу жагы директордун чарба иштери боюнча орун басары К . Эгембердиевке милдеттендирилсин .

6 . Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырамын .

Мектеп директору А. Токтогулова

Аткарган : Ж. Кубатбекова

Бекитемин

Мектеп директору : ______ А. Токтогулова

«03» 09 2021 - жыл

Ш. Бейшеналиев атындагы орто мектебинин өрткө каршы профилактикалык иштерди уюштуруу боюнча иш планы .

| № | Аткарылуучу иш - чаралардын мазмуну | Мөөнөтү | Ким жооптуу | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Мектепте өрткө каршы шаймандар менен толуктоо | Август | К . Эгембердиев | |
| 2 | Мектептеги электр жабдууларды текшерүүдөн өткөрүү, бузуктарды оңдоо | Август – сентябрь | К . Эгембердиев Электрик | |
| 3 | Өрт чыгуу мезгилинде окуучуларды имараттан чыгаруу боюнча көрсөтмөнү жаңыртуу | Сентябрь | Ж . Кубатбекова К . Эгембердиев | |
| 4 | Эмгек жамаатын жана окуучуларды өрткө каршы коопсуздук эрежелерин сактоо тууралуу окутуу жана иш план иштеп чыгуу | Сентябрь Октябрь График боюнча | Ж.Кубатбекова Класс жетекчилер | |
| 5 | Мектепте ыктыярдуу кошуундарды уюштуруу жана жооптуу кызматкерлерди даярдоо | Сентябрь | Мектеп администрациясы | |
| 6 | Жоопкерлерди , техперсоналдарды инструктаждан өткөрүү | Октябрь | К . Эгембердиев | |
| 7 | Жаңы Жылдык балаты майрамын өткөрүүдө өрт коопсуздугун алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштерин алып баруу | Декабрь | Ж.Кубатбекова Класс жетекчилер | |
| 8 | Жылуулук мезгилине байланыштуу от казандарын көзөмөлдөөнүн графигин түзүү | Ноябрь | Ж. Кубатбекова К . Эгембердиев | |
| 9 | Жылуулук от казандарын көзөмөлдөө | Кыш мезгилинде | Мектеп администрациясы | |

Уюштуруучу : ______ Ж. Кубатбекова

Бекитемин
Ш . Бейшеналиев атындагы орто мектебинин
директору : ____________ А . Токтогулова
«03» ____09____ 2021 – жыл

# ӨРТ КООПСУЗДУГУН САКТОО ЭРЕЖЕЛЕРИ

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1 . Ар бир мекеме ишкананын кызматкерлери ээлеген кызматына карабастан өрт коопсуздук эрежелерин билүү жана аны аткарууга милдеттүү.
2 . Мекеме ишканаларда орт коопсуздугун камсыздоо жана аткаруу ошол мекеменин башчысына жүктөлөт .
3 . Бардык кызматкерлер орт коопсуздук эрежелеринин нускамалары менен таанышуулары зарыл , орт кокустугу чыккан учурда өрт өчүрүү кызматын чакырууну билүүлөрү , ошондой эле өрт өчүрүү шаймандары менен иштөөнү билүүлөрү керек . Мекемеде ишкананын башчылары кызматкерлерди өрт коопсуздук эрежелери менен тааныштырууга милдеттүү .

## 2 . ИМАРАТТА САКТАЛУУЧУ ӨРТ КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИ

1 . Мекеме ишканалардын корридорлору , негизги өтүүчү жолдору , кошумча эшиктер жана лестницалар ачык болуп , тосмолор менен тосулбаган абалда болуусу зарыл .
2 . Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандар , орт өчүргүчтөр ар дайым он абалда сакталуучу жана алып иштетүүгө ыңгайлуу жерде сакталышы зарыл . Баштапкы өрт өчүрүүчү шаймандарын башка кызматтарга иштетүүгө тыюу салынат .
3 . Жумуш убактысы бүткөндөн кийин бардык бөлмөлөр көзөмөлдөн өткөрүлүп , электр жабдыктарын жана жарыктарды өчүрүү зарыл .

## 3 . ТЫЮУ САЛЫНАТ

- Белгиленбеген жерге тамеки тартууга
- Тез күйүп кетүүчү материалдарды жылытуу системаларынын жанына коюуга
- Таштанды кагаздарды белгиленбеген жерде жагууга
- Электр жылыткыч приборлорун иштетилген абалда кароосуз калтырууга
- Имараттын коридорлоруна , тепкичтердин астына чарбалык материалдарды мебелдерди жана эмеректерди коюуга
- Бир электр точкасына ашыра күч келтирип колдонуп бир нече электр приборлорун сайууга
- Күйүп турган электр лампочкаларын жана светильниктерди тез күйүп кетүүчү материлдар жана кагаздар менен ороого .

## 4. ӨРТ УЧУРУНДА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК.

- Өрт болуп жаткандыгы тууралуу өрткө каршы кызматына 101 телефону аркылуу кабарлоо жана даректи так айтуу
- Адамдарды сактап биринчи жардам көрсөтүү
- Колдо болгон каражаттар менен өрттү өчүрүүгө киришүү
- Материалдык баалуулуктарды эвакуациялоо.

## СИЗДИН ОКУУ ЖАЙДА ӨРТ ЧЫКСА ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК ?

Окуу жайда адам көп болгондуктан, аларды эвакуация кылуу. Адамдарды батирди эвакуация кылууга караганда көп убакытты алат. Ошондуктан окуу жайда өрт чыкса, эвакуациялоо чараларын ырааты менен колдонуу керек.

- Биринчиден - өрттөнүп жаткан бөлмөнүн эшигин жабуу керек.
- Эгер сиз терезенин сыртынан көрүп калсаңыз, анда ал бөлмөгө кирүүгө аракет кылбаңыз.
- Ачык эшик өрттү күчөтүп, ошондой эле эвакуация кылууга тоскоолдук кылат., күтүлбөгөн жерден абанын кириши өрттүн чоң ылдамдыкта өрчүшүнө алып келет.
- Тезинен айгай көтөрүп, өрт жөнүндө билдирүү керек.
- Өрт жөнүндө жакын турган персоналдардын мүчөсүнө билдириңиз, ал болсо адамдарды тез арaңын ичинде окуу жайдын имаратынан эвакуция кылуу чараларын көрөт.
- Ар бир адам милдеттүү түрдө мурдатан макулдашылган чогулуу пункуна келиши керек, ал жерде бардыгы эвакуацияланганын билүү үчүн атын айтып текшерүү жүргүзүлүүсү зарыл.
- Өрт чыгаары менен тез арада “101” телефонуна чалып өрт өчүрүү кызматына кабарлоо керек.
-

## ӨРТ ӨЧҮРҮҮ КЫЗМАТЫ КЕЛГЕН МЕЗГИЛДЕ БИРИНЧИ КЕЗЕКТЕ ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БИЛҮҮ ЗАРЫЛ :

- Өрт кайсы бөлмөдө болуп жатат.
- Имараттан бардыгы эвакуацияланганбы

## ӨРТ УЧУРУНДА ОКУУ ЖАЙДЫН ИМАРАТЫНАН ЭВАКУАЦИЯЛООНУН ТАРТИБИ :

- Айгай
- Өрт өчүрүү кызматына кабарлоо
- Эвакуациялоо
- Чогулуу
- Атынан атап тактоо

## АЙГАЙ

- Ар бир адам ( окуучубу же персоналдык мүчөсүбү ) өрт чыкканын байкагандан кийин олку-солку болбостон өрт жөнүндө айгай көтөрүүсү зарыл .

## ӨРТ ӨЧҮРҮҮ КЫЗМАТЫН ЧАКЫРУУ

- Кандай орт болсо дагы өрт өчүрүү кызматынын ыкчам байланыш телефону “101” ге чалуу керек .

## ЭВАКУАЦИЯЛОО

- Окуу жайдагылар айгайды уккандан кийин ордуларынан туруп , окуу бөлмөсүндөгүжооптуу мугалимдин көрсөтүүсү менен бир бирден окуу бөлмөсүн таштап , чогулуу аянтчасына баруу керек .
- Окуу бөлмөнүн жана эвакуациянын жолундагы эвакуация учурунда колдонулбай турган башка бардык эшиктерди жабуу зарыл .

## ЧОГУЛУУ

- Чогулуу жайы мурдатан макулдаштырылышкан аянтчага чыгуу керек .
- Чогулуу жайына келип , ар бир окуучу классы менен бөлүнүп аныкталган жайларын ээлеп , тарап кетпей , ошол жерде болуп туруусу зарыл .

## АТЫН АЙТЫП ЧАКЫРУУ

- Чогулуу жайына келээри менен тезинен атын атап тактоо жүргүзүү керек.

**№ 1 – ЭРЕЖЕ**

- Жолдогу бардык эшиктерди жапкыла , муну менен сиз өрттүн жолун торойсуз .( жабык эшик өрттү 15 минутага кармайт )

**№ 2 – ЭРЕЖЕ**

- Өрттөн качып баратып , өрт жөнүндө бардыгына эскертиниз ( эч нерсе издебениз өрттөн тезирээк чыгып кетиниз )

**№ 3 – ЭРЕЖЕ**

- Мугалимге өрт жөнүндө кабарланыз

**№ 4 – ЭРЕЖЕ**

- Эвакуацияланыз


**№ 5 – ЭРЕЖЕ**

- Тез арада кол телефону аркылуу **“101”** номерин терип , өрт өчүрүү кызматына окуу жайдын дарегин жана өзүнүз жөнүндө так маалымат билдириниз .

**№ 6 – ЭРЕЖЕ**

- Кайра артка кирбениз – сиз өрт кырсыгынан жабыркап , же истүү газаг ууланып калышыныз мүмкүн .

# *Техникалык коопсуздук эрежелери



Бекитемин
Ш. Бейшеналиев атындагы орто мектебинин
директору : А. Токтогулова
“01” 09 2021- жыл

Мектептин ички тартибинин эрежелери

## 1. Жалпы Жобосу

1.1.Окуучулардын мектептеги ички тартибинин эрежелери “КР Билим тууралуу” мыйзымынын жана мектептин Уставынын негизинде иштелип чыкты

1.2.Мектептин ички тартиби окуучулардын мектептеги жана мектепке тиешелүү аймактагы, ошондой эле мектептин окуучулары катышкан мектептен тышкаркы иш-чаралар убагындагы негизги жүрүм –турум эрежелерин жана нормаларын аныктайт.

Максаты: - окутуу жана тарбиялоо процессинде зарыл болгон ыңгайлуу жумуш шарт түзүү; - окуучулардын окуу программасын сапаттуу өздөштүрүүнү камсыздоо; - инсанды жана анын укуктарын сыйлоого тарбиялоо; - жүрүм –турум жана пикир алышуу маданиятын өнүктүрүү

## 2. Окуучунун милдеттери

2.1 Мектепке сабак башталардан 15 мүнөт эрте келгенге;

2.2 Мектеп аныктаган мектеп формасында, таза жана тыкан кийимде келүүгө (дене тарбия сабактарында спорттук форманы колдонуу);

2.3 Кийим чечүүчү жайда сырткы кийимин чечүү, керек болгон убакта бут кийимин алмаштырууга;

2.4 Өзүнүн окуу орундугун жана окууга керектүү куралдарын сабакка даярдоого;

2.5 Мектепте жана мектептен тышкары жерлерде өзүн маданияттуу алып жүрүү;мектептин ички тартибине ылайык жүрүм-турум эрежелерин сактоого (окуу процессин бузбоо, сабактарга ар дайым даяр болуу, сабактарга кечикпөө,класс жана мектеп турмушуна катышуу,сабак учурунда телефон колдонбоого);

2.6 Педагогдор, мектептин жумушчу персоналдары жана окуучулары менен өз ара сый мамиле түзүү, алардын эмгегин баалоо жана урматтоо менен мамиле кылуга;

2.7 Мектептин территориясында тазалыкты жана тартипти сактоого;

2.8 Мектептеги, класстагы коопсуздук атмосфераны түзүү жана колдоого;
2.9 Сабак калтырган учурда өз убагында класс жетекчиге талап кылынган документтерди көрсөтүүгө;

2.10 Мектептин эмеректерине аяр мамиле кылууга .

2.11 Мугалим берген тапшырманы оз убагында, так аткарууга, жоопкерчиликтүү мамиле кылууга;

2.12 Мектептеги коомдук пайдалуу эмгек процессине катышууга милдеттүү.
3. Окуучуларга тыюу салынат:

3.1 Мугалимдин уруксатысыз сабак учурунда мектептен кетүүгө;

3.2 Спорттук , маданияттык жана класстан тышкаркы иш-чараларды таштап кетүүгө;

3.3 Кооптуу абалды пайда кылуучу иш-аракеттерди кылууга ( терезеге , партанын үстүнө чыгып ойноого, ар кандай күйүүчу , жарылуучу заттарды кодонууга:

3.4 Ден соолукка зыян келтирүүчү заттарды, препараттарды, суусундуктарды колдонууга (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.);
колдонууга (алкоголь, наркотиктер, токсиндер, амфетаминдер, тамеки ж.б.);
3.5 Адамдын өмурунө жана ден соолугуна зыян алып келүүчу заттарды пайдаланууга; (пистолет, бычак, мылтык, кастет ж.б.)
3.6 Мектепте психо-активдүү заттарды колдонууга ( насвай, тамеки, алкоголдук жана энергетикалык ичимдиктер)
3.7 Орой, сөгүнгөн сөздөрдү колдонууга;
3.8 Ар кандай диний агымдарды жайылтууга;
3.9 Азарттык оюндарды ж.б. адамдын өмүрүнө жана психологиясына терс таасир этүүчү оюндарды ойноого;
3.10 Сабак учурунда уюлдук телефондорду колдонууга;
3.11 Сабактарды себеби жок калтырууга тыюу салынат.
4. Окуучулардын сабак учурундагы журум-туруму
4.1 Коңгуроо кагылары менен окуучулар өз ордуна келип, сабакка тиешелүү куралдарын даярдоосу керек;
4.2 Кезметтеги окуучу класстык бөлмөнү жана сабакка керектүү жабдыктарды даярдап, мугалимге сабакка келбеген окуучулар жөнүндө маалымат берүүсү керек;
4.3 Окуучу кечиккен учурда мугалимден уруксат сурап кирүүсу керек;

4.4 Ар бир окуучу класстагы иш ордунун тазалыгы жана сакталышы үчүн жооп берет;
4.5 Мугалим класска киргенде, окуучулар саламдашуу үчүн ордунан турушу керек;
4.6 Партанын үстүндө сабакка тиешеси жок ашыкча эч нерсе болбошу керек;
4.7 Ар бир предметтик мугалим КРнын Билим берүү жөнүндө мыйзамына каршы келбеген эрежени орнотууга укуктуу;
4.8 Окуучу сабакта мугалимдин бардык талаптарын аткарууга милдеттүү;
4.9 Эгерде, окуучу сабак учурунда эшикке чыккысы келсе, педагогдон жооп сурашы керек;
4.10 Окуучу бардык сабактарда күндөлүгү менен катышуусу керек жана коюлган бардык баалар күндүлүктө болуусу керек;
4.11 Сабакка берилген убакыт предметти оздоштүрүү максатында гана болуусу керек, сабак учурунда ойноого, башка нерсе менен алек болууга, башкаларга тоскоол болууга болбойт;
4.12.Коңгуроо кагылгандан кийин мугалимдин уруксааты менен окуучулар тынч гана класстардан танаписке чыга алышат;
4.13.Дене тарбия сабактарына окуучулар спорттук кийим жана бут кийим менен келишет. Мугалимдин уруксааты жок окуучулар спорт залга кире алышпайт.
4 .14.Дене тарбия сабагынан бошотулган окуучулардын да спорт залда сабакка милдеттүү түрдө катышуусу керек.
4.15. Сабак учурунда мугалимдин уруксатысыз уюлдук телефондорду ж.б. техникалык каражаттарды колдонууга болбойт.Сабак учурунда телефондор өчүрүлүшү керек. Эгер мындай талап аткарылбаса, предметтик мугалимдер телефонду алып коюуга укуктуу. Алынган телефондор мектеп администрациясына өткөрүлүп, ата-энелерине гана кайтарылат.

5. Окуучулардын танапис учурундагы жүрүм-туруму

5.1 Мектеп имаратынын ичинде танапис убагында окуучу өзүн тынч, тартиптүү алып жүрүүгө милдеттүү;

5.2 Ар бир окуучу, күзөтүү кызматчысынын талабы боюнча, өз аты-жөнүн жана классын айтууга милдеттүү;

5.3. Коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүрүү шарт;

5.4.Танапис учурунда төмөндөгүлөргө тыюу салынат: - Ызы-чуу болуп, башкалардын эс алуусуна тоскоол болууга; - мектеп коридорунда жана тепкичтеринде чуркоого; - бири-бирин түртүшүүгө; - кандайдыр бир

көйгөйдү чечүү үчүн физикалык күч колдонууга жана орой, уят сөздөрдү айтууга:

5.5. Жогорудагы пункттарда айтылган эрежежерди сактабаган учурда КРнын мыйзамына ылайык чара көрүлөт.

5.6. Мектепке кирүү жана чыгууда башкаларды түртпөө, алдыга улууларды жана кыздарды коё берүү;

5.7.Танаписте класста кезметтеги окуучулар гана калып, имаратты желдетип, классты иретке келтирет;

5.8.Танаписте, сабактан уруксаат суранбаш үчүн дааратканага баруу керек, ал жерде тыкан болуп, колун милдеттүү түрдө жууш керек.

6. Мектеп буюмдарынын жана окуу куралдарынын сакталышы

6.1.Бардык окуучулар мектеп буюмдарын сактоого милдеттүү, өз буюмдарына этияттык менен мамиле кылуусу зарыл;

6.2.Окуучунун күнөөсү менен буюмдар бузулса, ата-энелери толугу менен ордуна коюусу , же түзөтүүсү керек;

6.3.Окуучулар мектептин территориясына жашыл дарактарды отургузууга жана сактоого көмөк көрсөтөтүүсү керек;

6.4.Окуу куралдары, китептер, окуучулардын күндөлүктөрү тыкандыкта болуусу керек;

6.5.Бүт окуучулар окуу куралдарын сактоосу керек.

6.6.Китептин барактарды жулуп же бүктөбөш керек, китепке жазууга, же сүрөт тартууга болбойт;

7. Класстан тышкаркы массалык иш-чаралардагы окуучулардын журум-турумдары

7.1.Мектепте иш-чара өтүүнүн алдында окуучуларга сөзсүз турдө коопсуздук эрежелери боюнча маалымат берүү керек;

7.2.Адамдардын өмүрүнө жана ден соолугуна зыян алып келүүчү ар кандай кырсыктардан алыс болуу үчүн окуучулар талап кылынган бардык шарттарды так аткаруусу зарыл;

7.3.Окуучулар жетекчи көрсөткөн орундарында болуусу шарт;

7.4.Ар бир окуучу жеке гигиенаны сактоосу керек.Эгер кимдир бирөөнүн ден соолугу начарлап, жаман абалга келсе, дароо класс жетекчиге же мектеп

администрациясына билдирүү керек. Ал окуучуга мектеп дарыгери же медайымы тарабынан мүмкүнчүлүгүнө жарша биринчи жардам көрсөтүлүү керек жана атаэнесине маалымдоо керек. Эгер зарыл болсо “ тез жардам “ кызматын чакыруу шарт;

7.5.Иш-чара убагында сүйлөшкөнгө, тегерегиндегилерге тоскоолдук кылууга, бир орундан экинчи орунга өтүүгө, иш-чара бүткөнгө чейин таштап чыгып кетүүгө тыюу салынат;

7.6.Ачык отторду колдонууга (хлопушка, фейерверг,факел ж.б.), өрттү пайда кылуучу химикалык пиротехникалык каражаттарды пайдаланууга тыюу салынат.

8. Ашканадагы жүрүм-турумга карата талаптар:

8.1.Ашканага өз классындагы окуучулар менен уюшулган түрдө жана тынч жагдайда баруу;

8.2.Тамактануудан мурда колду таза жууш керек;

8.3.Тамак-аштарды кезек менен алуу;

8.4. Нан жана башка тамак-аштарга этияттык менен мамиле кылуу;

8.5.Тамактануу учурунда сүйлөбөө ;

8.6.Ашканага класс үчүн атайын түзүлгөн мөөнөт менен баруу;

8.7.Ысык жана суюк тамак-аштарды алууда жана колдонууда этият болуу;

8.8.Тамактангандан кийин колдонгон идиш-аяктарды чогултуп, атайын столго алып барып коюу.

9. Корутунду бөлүк

9.1.Окуучуларга коюлган бул талаптардын бузулушуна карата тартиптик жана тарбиялык таасир берүүчү чаралар колдонот:

1 .түшүндүрүү иштери

2 .ата-энелерин мектепке чакыруу;

3. Мектептин ички көзөмөлөнө коюу;

4. КДДга сунуштоо

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
АК-ТАЛАА РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
ШҮКҮРБЕК БЕЙШЕНАЛИЕВ
АТЫНДАГЫ ИННОВАЦИЯЛЫК ОРТО МЕКТЕБИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЕ И НАУКИ
АК-ТАЛИНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
ИННОВАЦИОННАЯ СРЕДНЯЯ ШКОЛА ИМЕНИ
ШУКУРБЕКА БЕЙШЕНАЛИЕВА

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

«20» 09 2021 -жыл № 12 Баетов айылы

**КРнын Өкмөтүнүн 19.12.1994-жылдагы №858 – токтому менен бекитилген «КРнын ишканаларынын ,мекеме уюмдарынын Ыктыярдуу өрттөн сактоо кошуундарын уюштуруу жөнүндө**

КРнын Өкмөтүнүн 19.12.1994-жылдагы №858 – токтому менен бекитилген «КРнын ишканаларынын ,мекеме уюмдарынын Ыктыярдуу өрттөн сактоо кошуундары» жөнүндөгү мыйзамды ишке ашыруу максатында **буйрук кыламын :**

1 . Мектепте өрткө каршы кошуундун жана жарандык коргонуунун адистештирилген тобу түзүлсүн .

2 . Топтун курамына төмөндөгүлөр киргизилсин :

Топтун башчысы – К . Эгембердиев 1974-жыл туулган
Мүчөлөрү - Мурсабеков Элчибек 1962-жылы туулган
Мааданбеков Фархат 1973-жылы туулган
Мундузбаев Женишбек 1986-жылы туулган
Өмүркулов Залкарбек 1967-жылы туулган
Жыргалбеков Таалай 1975-жылы туулган
Үмөтов Азамат 1979-жылы туулган
Мурзабеков Шаршенбек 1963-жылы туулган
Чодолдоев Алтынбек 1978-жылы туулган
Жапсарбаев Каныбек 1963-жылы туулган

3 . Мектепте өрткө каршы ыктыярдуу кошуундун жана жарандык коргонуунун адистештирилген тобуна төмөнкү окуучулар киргизилсин :

Топтун башчысы - Кадыров Азирет
Мүчөлөрү – Бекмамбетов 2003-жылы туулган
Акылман у Калыс 2004-жылы туулган
Жолдошбеков Жунус 2005-жылы туулган
Космудин у Сыргак 2005-жылы туулган
Бактыбеков Бексултан 2005-жылы туулган
Кылычбеков Элмырза 2005-жылы туулган
Шукурбеков Жолболду 2005-жылы туулган
Асылбеков Дастан 2005-жылы туулган
Сарыков Айдар 2004-жылы туулган

4 . Бул буруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагын тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Ж. Кубатбековага милдеттендирилсин.

Мектеп директору : А . Токтогулова

Аткарган : Ж . Кубатбекова
Жиберилди : Мектептин иш кагаздарына